КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №20- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 30-июлу №145 Оргочор айылы

**Калктуу конуштардын көчөлөрүнүн санитардык тазалыгын сактоо, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштерин жакшыртуу жөнүндө**

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын 34-беренесине ылайык, айылдардагы көчөлөрдүн санитардык абалын жакшыртуу, айылдын экологиялык жана эстетикалык көрүнүшүн таза сактоо, ошондой эле жергиликтүү тургундардын жана көчөлөргө ысымдары ыйгарылган көрүнүктүү инсандардын урпактарынын демөөрчүлүк демилгелерин колдоо максатында Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Оргочор айыл аймагындагы калктуу конуштардын көчөлөрүнүн санитардык тазалыгын сактоо, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштери айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү тургундардын биргелешкен милдети катары белгиленсин.

2. Айылдагы көчөлөргө ысымдары берилген көрүнүктүү инсандардын урпактарына көчөлөрдүн инфраструктурасын жакшыртууга, тазалык иштерин уюштурууга, ар бир үйгө табличка илүү (көчө аттары, үй номурлары же маалыматтык тактайчалар) боюнча ыктыярдуу демилгелери колдоого алынсын.
3. Айыл өкмөтү Н.Жусуповго:
   - Көчөлөрдүн тазалыгын көзөмөлдөө боюнча ишин жандантсын;
   - Көчөлөрдү көрктөндүрүү жана ишембиликтерди өткөрүү боюнча мезгил-мезгили менен жалпы элдик иш-чараларды уюштурсун;
   - Демөөрчүлөрдүн жана урпактардын жардамы менен аткарылган иштер боюнча айыл тургундарына маалымат берип турсун.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин социалдык маселелер, Маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясы жана Оргочор айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**